КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

27-январь 2024ж № 2/4 Первомайское айылы

## Жергиликтүү бюджетти бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34- беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102- беренесинин негизинде жана Первомайский айылдык кенешинин бюджеттик комиссиясы сунуш кылган Первомайский айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетинин долбоорун жана 2025-2026 жылга кирешелер боюнча болжолун карап чыгып, айылдык кенеш

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Первомайский айыл өкмөтүнүн 2024 жылга кирешелер боюнча бюджети №1 тиркемеге жана 2024-2026 жылга кирешелер боюнча болжолу №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2024-жылга - 15875,4 мин.сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча - 960,0 мин.сом, тендөөчү грант боюнча – 6679,5, мин.сом;
2025-жылга - 17276,4 мин.сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча - 960,0 мин.сом, тендөөчү грант боюнча – 6679,5 мин.сом;
2026-жылга - 17928,4 мин.сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча - 960,0 мин.сом, тендөөчү грант боюнча – 6679,5 мин.сом.

2. Первомайский айыл өкмөтүнүн 2023 жылга чыгашалар боюнча бюджети №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2024-жылга - 15875,4 мин.сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча - 960,0 мин.сом, тендөөчү грант боюнча – 6679,5,0 мин.сом;
2025-жылга - 17276,4 мин.сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча - 960,0 мин.сом, тендөөчү грант боюнча – 6679,5 мин.сом;
2026-жылга - 17928,4 мин.сом суммасында, анын ичинде атайын эсеп боюнча - 960,0 мин.сом, тендөөчү грант боюнча – 6679,5 мин.сом.

3. Республикалык бюджеттен келип түшкөн максаттуу трансферттер тийиштүү багытта колдонулсун.

4. 2024-жылга чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төгүмдөр, коммуналдык кызматар, көмүр, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар,) боюнча жүргүзүлсүн.

5. 2023 – жылы жергиликтүү бюджеттин толук каржыланбай калган айрым чыгыша түрлөрүн 2024-жылдын бюджетинде каралган каражаттардын (ассигнование) чегинде компенсациялансын.

6. Атайын эсептердин сметасында бекитилген суммадан ашыкча түшкөн кирешелер толугу менен жергиликтүү бюджеттин карамагында калат.

7. Бюджеттин киреше бөлүгүн ашыгы менен аткарылышында айыл аймактагы өткөрүлүүчү коомдук жана маданий иш-чараларды каржылоого багытталат.

8. 2024-жылдын 1 январына карата чыгашаларга караганда кирешелердин ашыгы менен аткарылышын (эркин калдык) №4 тиркемеге ылайык бекитилип бөлүштүрүлсүн.

9. 2024-жылдага тендөөчү грант №5 тиркемеге ылайык бекитилсин.

10. Республикалык бюджеттен максаттуу трансферттер түшкөндө айыл аймактагы социалдык-экономикалык инфраструктураларды, айылды көрктөндүрүү жана турак-жай коммуналдык чарба керектөөлөрдү каржылоого багытталсын.

11. Айыл өкмөт башчысына өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу каражаттарды бөлүм ичинде өзгөртүүгө, толуктоого жана жылдырууга укук берилсин.

12. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Первомайский айыл өкмөт башчысы Сартпаев Э.О жүктөлсүн.

**Төрайым** **З.М. Кочкорова**